УДК: 947

Эшиева Т. К.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# КАЛЫГУЛ БАЙ УУЛУ – ТАРЫХЫЙ ИНСАН

*Макалада кыргыз элинин белгилүү заманачы акыны, ойчулу, чечени Калыгул Бай уулунун ыр саптарына кыскача ой жүгүртүүлөр берилди.*

***Негизги сөздөр:*** *акын, афоризм, оратор, олуя, ойчул, аалымдар.*

*В статье анализируется стихотворное творчество акына-заманиста, мыслителя и оратора Калыгул Бай уулу*

***Ключевые слова:*** *акын, афоризм, оратор, предсказатель, мыслитель, учёные.*

*This article analyzed poetical creativity of thinker zamanist of Kalygul Bai Uulu.*

***Key words:*** *mhe poet's, aphorism, orator, soothsayer, philosopher, scientists.*

Кыргыз эли түптүү, бай маданияты, артында калтырган изи бар эл экендигин тарыхый далилдер, муундар оозунда айтылып келген санжыралар тастыктап келди. Өткөн замандын чабылып-чачылган кыйын кезеңдерин башынан кечирген, кыраакылыгын, баамчылдыгын, билгичтигин эли баалаган, элинин жашоосуна өзүн арнаган тарыхый инсандардын бири ─ Калыгул Бай уулу.

«Акындын турмушу, - деп жазат В. Винников, - бул элдин жандуу тарыхы. Акындын ырлары ─ элдик турмуштун летописи. Акындардын чыгармаларынын катаал чындыгынын жана таасиринин абдан зор күчүнүн себеби ушунда», - деп айткандарындай, кыргыз элинин акындык чыгармачылыгынын жол салуучуларынын бири, поэзия менен философияны бирдей алып жүргөн, келечекти алдын ала көрө билген көрөгөч, тапкыч, ою тунук улуу инсан ─ Калыгул Бай уулу. Инсандын эмгектери мурдагы советтик идеологиянын, мамлекеттик саясаттын шарттарына туура келбегендиктен, эл арасында кеңири айтылып келгендигине карабастан, адабият жана тарых илимдеринде изилденбей, бир кыйла көмүскөдө калып келгендей. Бирок жаңылануу процессинин натыйжасында бул адамдын ырларынын, ойлорунун чындыгын моюнга алууга туура келип отурат. Азыркы учурда Европанын Нострадамусунун айтып кеткендерин чечмелөөдө көптөгөн талаш-тартыштар жүрүп жатат, ошол сыяктуу эле Калыгулдун айткан акылман ойлорун бир жагдайлуу карабастан, толук изилдеп чыгууга убакыт жетти.

19-кылымдын жарымында жашап өткөн Калыгул түп бабалары Сарыбагыш уруусунан чыккан Надырбек деген манаптын тукумдарынан болсо да, өз атасы Дөөлөт катардагы оокаты тың адамдардан болгон экен. Оң жак бетиндеги чоң калы үчүн бала кезинен Калыгул атанып, жаштайынан калыс жашап, таза жүрүп, ойчулдугу, чечендиги үчүн атагы эл арасында эрте чыгыптыр.

Белгилүү изилдөөчү Т.Саманчиндин айтуусу боюнча, «Калыгул эл арасында «ырчы» деген атакка ээ болуп, айтылуу акын-ырчылардай эл кыдырып ырдаган эмес» [1]. Өз учурунда Калыгул обон салып, ыр ырдабай, күү чыгарбай, айта турган оюн, бере турган кеңешин эл алдында кыска, бирок нуска кылып, афоризм катары айтып, элдин, келечек замандын абалынан баян айтып берген экен. Ошол мезгилдин талап, шарттарына ылайык Калыгулдун манаптык даражасы ага «ырчы» атыгып обон созуп ырдап отурууга же комуз кармоого жол бербеген.

Калыгулдун кат таанибаган сабатсыздыгын анын тубаса тунук акылы, чечендиги жеңип кеткендей. Анын чечен катарында образдуу, санат, накыл, макал-лакап иретинде айткан философиялык сөздөрү үчүн даанышман "акын" аташкан.

Акынга өз эли «олуя» деп кадырман ат беришкендиги да бекеринен болбосо керек. Өз мезгилинин караңгылыгына карабастан, Калыгулдун ойчулдугунун жана көрөгөчтүгүнүн далилдери катарында көптөгөн ыр саптары айтылып келе жатат. Алсак, Кыргызстандын Россияга кошула элек мезгилинде эле (1855-жылга чейин эле) тарыхый окуяларды туура баамдап: орустардын кыргыз жерине келип отурукташа тургандыгын, дыйканчылык, дегеле чарбачылык жүргүзүүнүн жаңы формаларынын пайда болорлугун алдын ала айтып кеткендиги:

Өңү сары, көзү көк,  
Орус деген эл келер,  
Арканга өлчөп жер бөлөр.

Калыгул олуя келечекте, балким, кыргыз элинин кайгылуу тарыхый окуясы болгон Үркүндүн болордугун дааналап айтып бере албаса дагы, алдыда орус аскерлери кыргыз жергесине келип, жергиликтүү элдин уулдарын аскерге күчкө салып аларлыгын төмөндөгүдөй баяндаган:

Орус алаар жериңди,  
Сындыраар сенин белиңди.  
Келип калса кокустан,  
Сактайсың сары талааны,  
Аскердикке бересиң  
Ичиңен чыккан баланы,

Ошондой эле көрөгөчтүгү − Совет бийлигинин мезгилинде динге тыюу салуу процессинин болорунун билгендиги:

Кожо-молдо жоголуп,  
Дин кыскарган бир заман.  
Орозо намаз окубай,  
Тил кыскарган бир заман - деп көрсөтүлгөн.

Же болбосо, орустардын келиши менен жашоодо чоң материалдык - техникалык жаңылыктардын болушун айткандыгы:

От араба, дилгирем,  
Жол кыскарат ошондо,  
Этек-жеңи кыскарып,  
Тон кыскарат ошондо

Калыгул Бай уулу акын, олуя, чечен гана болбостон, кыргыз элине таанымал калыс, элчи дагы болгондугу эл арасында айтылып калган. Атактуу тарыхчы Б.Солтоноев: «Калыгул Ормон хандын жардамчысы болгон», - [2] деп айтып, Калыгул өз учурунун таасирлүү, сөзү өтүмдүү адамы болгондугун көргөзгөн. Айтсак, өз мезгилинде Ормон хан менен Боронбай хандын кудалашуусуна жана мамилелеринин жакшырышына салымын кошкон деп айтылат. 1854-жылкы Ормон хан менен Бугу уруусунун ортосундагы согуштун натыйжасында чыккан «кун төлөө» маселесин чечүүдө атактуу элчи, акылман Тилекмат аке түн жамынып Калыгул олуянын үйүнө келип түшөт. Элчиликке келгенин баамдаган Калыгул аксакал: «Кулаарда кол токтотот, Ураарда тирөөч токтотот, Ажыраарда эл токтотот. Кирген суудан көпүрө өткөрөт, Ажырашаар эки элге көпүрө керек, Экөөбүз аракет кылсак, Көпүрөгө устун табылаар бекен…», - деп тосуп алган экен. Калыгул олуя

менен Тилекмат акенин ынтымак үчүн жасаган аракети акырына чыкпаса да, эки акылмандын Ормон хандын уулу Үмөтаалы хандын өргөөсүндөгү белгилүү уруу жакшыларынын ортосунда айткан чебер сөздөрү, калыс кеңештери эл арасында кылымдар бою муундан-муунга урматталып айтылып келе жатат. Айтылган маалыматтар боюнча, 1855-жылы Калыгул Бай уулу дүйнөдөн кайтканда, Тилекмат аке Бугу элинин ичиндеги Калыгул олуянын туугандарынан чогулткан топурагын тулупка салып, өзү Калыгул олуянын күмбөзүнө жеткирип, кайгырып кайткан экен.

Өз мезгилинин даңазалуу жакшылары, мыктылары баалап келген Калыгул Бай уулунун акылдын жана чечендиктин, патриоттуулуктун жеңишин даңазалашы бүгүнкү күн үчүн да актуалдуулугун жоготкон жок:

Акыл, макал экөө бирдей келээр,
Ал экөөнүн айтканы күндөй тиер.

**Адабияттар:**

1. Саманчин Т. Калыгул. Кыргыз Республикасынын Илимдер улуттук академиясынын кол жазмалар фондусу, Инв № 138, 12-бет.
2. КРУИА кол жазмалар фондусу, Инв № 1057, 272-бет.